«МЧС маршы»

Сөзү: Шамырканов Урматбек

Обону: Дуйшеев Темирбек

Куткаруучу дайым даяр кызматта

Кырсык болсо жетип келет заматта

Милдеттерин аткарышат күн-түнү

Өлкөбүздүн булуң-бурчу тарапта

Куткарышат сууга агып чөккөндү

Зилзаладан жабыр тартып көчкөндү

Тилсиз жоонун жалынына кабылып

Үмүттөрү үзүлгөндү өчкөндү

Кырк чоросу силерсиңер Манастын

Коогалаңда мен барам деп талаштың

Чордонунда жүрөсүңөр кырсыктын

Алган сыйлык көкүрөкө жарашсын.

Припев:

Куткаруучу сага таазим сага даңк

Өмүр сактап тирүүлүктүн отун жак

Жаратканым ар качанда колдосун

Кесибиңен алкыш алып кадыр тап.